*Бекматова Жыпара Тулебаевна,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*аспирант,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

# ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ КЕПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ

*Бекматова Жыпара Тулебаевна,*
*аспирант,*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

# НЕОБХОДИМОСТЬ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧЕВОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ В ПРОЦЕССЕ ПРЕПОДАВАНИЯ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В ВЫСШЕМ ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ В КОНТЕКСТЕ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

*Bektmatova Zhypara Tulebaevna,*
*Postgraduate student,*
*Academy of education of Kyrgyzstan,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

# THE NEED FOR FORMING SPEECH COMPETENCE IN THE PROCESS OF TEACHING THE ENGLISH LANGUAGE IN HIGHER PROFESSIONAL EDUCATION IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Азыркы ааламдашуу шартына ылайыкташуу Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндө англис тилин окутууда студенттердин кептик-коммуникативдик компетенциясын калыптандыруу актуалдуу маселелерден болуп турат. Ал буга чейин жогорку кесиптик билим берүүдө салтка айланган англис тилин окутуунун методикасына жаңы окуу стандарттарынын талаптарына ылайык жаңылоо проблемасын коюуда. Анткени, республиканын бардык жарандары жогорку кесиптик билимди алгандан кийин башка өлкөлөргө барып иштөө кызыкчылыгы менен рыноктук мамиледеги конкуренцияга катышууга аргасыз болот. Мындай көрүнүш мурда Англия боюнча жалпы маалымат берүү менен англис тилинин грамматикасын үйрөтүүгө багытталган окуу материалдарын ааламдашуу процессинин талаптарына ылайык кептик, тилдик компетенцияларды калыптандырууга багыттоо жогорку окуу жайларында кечиктирилбестен чечүүнү талап кылган проблемалардан болуп саналат. Кыргызстан 30 жылдан ашуун мезгилде эгемен мамлекет катары дүйнөгө таанылганы менен ааламдашуу процессине аралашкан жарандары англис тилинде тигил же бул кесиптик деңгээлде кептик-коммуникативдик байланыш түзө албагандыктан, жогорку кесиптик билим берүүдө талапка ылайык аткаруу иштери, англис тилин окутуу кептик компетенцияларга негиздөө зарыл экенин ачыктайт. Аталган проблеманы чечүү англис тилин окутууга жаңычыл мамиле кылуу зарылдыгын көрсөтөт. Макалада жаңы кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү боюнча Мамлекеттик стандартка таянуу менен англис тилин окутуу процессинде адистик компетенцияларды калыптандыруунун педагогика илимине тиешелүү маселелердин чегинде каралат.*

***Аннотация:*** *Адаптация к современной глобализации – один из наиболее актуальных вопросов в формировании вербальной и коммуникативной компетенции студентов при преподавании английского языка в высших учебных заведениях Кыргызстана. Он ставит вопрос об обновлении традиционных методик преподавания английского языка в высшей школе в соответствии с требованиями новых образовательных стандартов. Ведь после получения высшего профессионального образования граждане страны будут вынуждены соревноваться в рыночных отношениях в интересах работы в других странах. Это одна из проблем, которую необходимо решать в высшем образовании, ориентируясь на формирование вербальных и языковых компетенций в соответствии с требованиями процесса глобализации учебных материалов, направленных на обучение грамматике английского языка с общей информацией об Англии. Хотя Кыргызстан был признан независимым государством более 30 лет, его граждане, вовлеченные в процесс глобализации, не могли общаться на английском языке на профессиональном уровне. Это подчеркивает необходимость новаторского подхода к обучению английскому языку с учетом того факта, что содержание обучения должно основываться на вербальных компетенциях в контексте удовлетворения социальных потребностей высшего образования. В статье рассматривается формирование профессиональных компетенций в процессе обучения английскому языку на основе недавно принятого Государственного стандарта высшего образования в области педагогики.*

***Annotation:*** *Adaptation to modern globalization is one of the most pressing issues in the formation of the verbal and communicative competence of students when teaching English in higher educational institutions of Kyrgyzstan. He raises the question of updating traditional methods of teaching English in higher education in accordance with the requirements of new educational standards. Indeed, after receiving a higher professional education, all citizens of the country will have to compete in market relations in the interests of working in other countries. This is one of the problems that must be solved without delay in higher education, focusing on the formation of verbal and linguistic competencies in accordance with the requirements of the process of globalization of educational materials aimed at teaching English grammar with general information about England. Although Kyrgyzstan has been recognized as an independent state for over 30 years, its citizens involved in the globalization process could not communicate in English, at any professional level. This highlights the need for an innovative approach to teaching English, taking into account the fact that the content of teaching English should be based on verbal competencies in the context of meeting the social needs of higher education. The article examines the formation of professional competencies in the process of teaching English on the basis of the recently adopted State Standard of Higher Education in the field of pedagogy.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ааламдашуу, кесиптик билим берүү, тил үйрөтүү, англис тилин окутуу, маалымат алмашуу, педагогика, рынок мамилеси, компетенция, мамлекеттик стандарт, конкуренция ж.б.*

***Ключевые слова:*** *глобализация, профессиональное образование, языковое обучение, обучение английского языка, обмен информацией, педагогика, рыночные отношения, компетенция, государственный стандарт, конкуренция и т.д.*

***Key words:*** *globalization, professional education, teaching language, teaching English language, information exchange, pedagogy, market relations, competence, state standard, rivalry, and etc.*

**Киришүү.** XX кылымдын 80-жылдарынан тартып жер шарында “постмодернизм” деген аталышка ээ болгон доор жаралганы менен Кыргызстан ага белгилүү бир объективдүү себептер менен толук аралаша алган эмес. Бул доор жер үстүндөгү адамдардын бардык багыттар боюнча кызматташуусуна көз каранды экенин таанып-билген кырдаалга баш ийдирип, жарандардын баарын “эл аралык байланыштын тили” менен сүйлөө муктаждыгын шарттады. Кыргызстан эгемендүү мамлекет

болгондон кийин ал жаңы мазмунга өттү да төмөнкүдөй муктаждыктарды чечүү керектигин ачыктады:

1 Кыргызстандан жогорку кесиптик билим алган жарандын ааламдашуу процессинде жүрүп жаткан эмгек базарына катышып, анда өз мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүгө шарт түзүү;

2. Тез өзгөрүп жаткан түрдүү проблемаларга дайыма туруштук берүүсү үчүн англис тили аркылуу кесиптештери менен англис тилинде кызматтык байланыш түзүп, үзгүлтүксүз билимин өркүндөтүү үчүн зарыл болгон компетенцияларды калыптандыруу;

3. Адамдардын өз ара пикирлешүүсүн камсыздаган тилге тиешелүү болуп, аны глобалдуу чекте кароо менен баарыга бирдиктүү тилди түзүү концепциясы акырындап жер үстүн толук бойдон кучагына алып бараткан болсо, андай зарылдыкты англис тилин кептик-компетенцияларды аныктоо аркылуу чечүү.

**Макаланын максаты**: Бул маселени изилдөөдө төмөнкүдөй **максат коюуга** болот: Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө англис тилин окутуу канчалык ааламдашуу процессине даяр экенин аныктоо, тил үйрөнүү деңгээлинин төмөн болушуна себеп болгон жагдайларга токтолуу менен аны жакшыруунун зарылдыгын көрсөтүү.

**Макаланын милдети**: Бул проблеманы изилдөө үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду: 1. Кыргызстанда жаңы кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү стандарттары койгон талаптардын негизинде окуу жайларда окутулуп жаткан англис тили сабактарынын мазмуну жарандардын ааламдашуу процессине аралашуусуна кандай кам көрүп жатканына анализ жүргүзүү; 2. Жогорку окуу жайларында окутулуп жаткан силлабустар, окуу-методикалык комплекстерге баа берүү; 3. Алынган маалыматтарды реалдуу турмуштук шарттар менен байланыштырып, англис тили боюнча берилген билим жарандын коомдук-социалдык керектөөсүнө жооп берип жатканын практикалык иштерди жалпылоо аркылуу жыйынтык чыгаруу кептик-коммуникативдик компетенцияларды калыптандырууга зарыл болгон маселелерди ачыктоо.

**Колдонулган методдор:** Маселени изилдөө педагогиканын талаптарына ылайык аткарылыш үчүн теориялык анализ, эмпирикалык материалдарды изилдөө, салыштыруу жана жалпылаштыруу **методдору** колдонулду.

**Изилдөөнүн мазмуну:** Бул макалада изилдене турган негизги маселе Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүү окутулган англис тили сабагынын окуу материалдарын кандай түзгөндө өлкөнүн жарандарын ааламдашуу процессине кантип кыйналбай аралашуусуна зарыл проблемаларды чечүүгө боло турганын аныктап көрсөтүү жагдайы турат. Ал төмөнкүдөй багыттарда жүргүзүлдү:

1 Жогорку кесиптик билимге ээ болгон адис англис тилин өздөштүрүү аркылуу реалдуу кызматтык абалы көздөгөн билимин өркүндөтүү жагдайында ааламдашуу процессинде кандай критерийлерге жооп бериши зарыл экендиги, башкача айтканда, англис тилин окуу стандарттары койгон талаптарга ылайык билүү менен бири-бири менен байланышкан улуттардын кызматташуу идеясын толук камсыздоо – кыйналбай маалымат алмашуу, жер которуп иштөө, жаңы технологияларды өздөштүрүү, өнүккөн мамлекеттердеги ири жетишкендиктерди пайдалануу багытында бир катар жумуштарды аткаруу зарылдыгын кесипке карата коюлган коомдук-социалдык муктаждыктардын чегинде анализ жүргүзүү аркылуу такталды. Алар жалпы жолунан «ааламдашуу» деген түшүнүк менен аныкталса да, социалдык керектөөгө ылайык мамлекетти ички кызыкчылыгын түзүп, улуттук экономиканы дүйнөлүк чен-өлчөм менен байланыштырып кароо өнүгүү жана маалымат алмашуунун жаңы деңгээлинде издөө Кыргызстандын жогорку окуу жайларында англис тилин кандай окутуу материалдары менен окутса көйгөйдү талаптагыдай чечиши мүмкүн экендигин Россия жана Казакстандагы окуу программаларына, окуу-методикалык комплекстерге салыштыруу аркылуу аныкталды. Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүн ааламдашуу процесси-

нин азыркы абалына жеткирүү үчүн биринчи кезекте буга чейин эч бир окуу жайда болуп көрбөгөн кесиптик билим берүүгө ыңгайлашкан окуу китептерин түзүү зарылдыгы турганы көзгө даана көрүндү. Анткени бул түшүнүк берилген коомдук-социалдык кыймыл кайсы улутта болбосун мамлекеттик чекти жарып өтүп, башка элдер менен рационалдуу мамиле түзүүгө ыңгайлашкан бирдиктүү системаны түзүү маселесин ачыкка чыгарса, ал биринчи кезекте окуу китебине таянып жүргүзө турганын Россиядагы англис тилин окутууну мисал келтирүү менен айтылды.

Мындай маселе алгач өнүккөн өлкөлөрдө башталганы менен ал акырындап дүйнө элдерин кучагына алган проблемага айланып, бири-бирисиз жашай албаган коомдук керектөө катары башкы планга көтөрүлсө, ал бардык өлкөлөрдүн ааламдашуу процессинде өз ордун табуусуна зарылдык катары көрүнүүдө. Буга замандын тездик менен жаңыланып туруусу түрдүү социалдык кызыкчылыктарды өнүктүрүү аркылуу мамлекеттерди бири-бирине жакындаштыра башташы себеп болуп, ал улуттук чекти жарып өтүп билимдин чексиздигин аныктоочу функцияларды кесиптик билим берүүгө жүктөдү. Бул жаштардын кесиптик билимге болгон мамилесин өзгөртүү менен илимдеги ири жетишкендиктерге ээ болуу максатында билим алууну мамлекеттик чектен ажыратып, транснационалдык чен-өлчөмдүк түзүлүштөргө ээ касиетти ааламдашуунун бир бутагы катары кабылдоо эрежесин киргизгенин эл аралык социалдашуу жагдайларын салыштыруу аркылуу билдик. Ошондуктан Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн ички мазмунун жаңылоого англис тилин ааламдашуу процессинин алкагында кароо зарылдыгы ачык көрүнүп турат, алар: а) анын мазмунунда жаштардын социалдык муктаждыктарын улуттук чекте канааттандырууга мүмкүн эмес шартта англис тили аркылуу кесиптик керектөөгө зарыл болгон түшүнүктөр менен терминдерди, маалыматтар менен тексттерди кептик-коммуникативдик кызматташуу аркылуу билүү, өздөштүрүү жана алмашуу; б) жогорку кесипке даярдоого тиешелүү мамлекеттик ар бир стандарттын базалык бөлүгүнө улут аралык байланышууга таандык мыйзамдык нормалар аныкталган болсо, аны эл аралык деңгээлдеги талаптарга ылайык чечүү зарылдыгы ааламдашуу процесси аныктаган коммуникациянын касиетин таануу, аны колдоно билүү чегинде окутуу жумуштарын аткаруу; в) ааламдашуу процесси бардык улуттар өз тилин жакшы көргөнү менен этникалык топтордун эл аралык деңгээлде кызматташуусу баарына бирдей түшүнүктүү тилди тандоосуна ыңгайлуу шарт түзүү; г) аны коомдук-социалдык кызматташуунун чөйрөсүнөн алып караганда жарандык коомдун бардык кыймылдарын көзөмөлдөп, ошол эле мезгилде илимий топтордун жигердүү ишмердүүлүгүнөн жаралган инновациялык жумуштардын алдыңкы үлгүлөрүн түз эле окуу процессине киргизе алган мамлекеттер колдонгон тилди үйрөтүү.

Ал коомдук түзүлүштө өз ордун тереңдетип бараткан ааламдашуунун ички кызыкчылыгы катары илимий мазмунга ээ социалдык мамилелердин философиясын активдештирип, күчтүү конкуренцияда туруштук берүүчү билим менен байланышкан маалыматтык базаны камсыздоочу каражат катары эл аралык карым-катышты түзүүчү тилдин керектигин аныктаса, аны менен катар өнүккөн шартта жашоо ошол тилди билүү зарылдыгын ачыктады. Кыргыз жергесинде мындай муктаждык соңку жылдары күчүнө кирди. Анда кыргыздар көп улуттуу дүйнөлүк мамлекеттер менен түрдүү кесиптик багыттар боюнча кызматташтык түзүп, аралаш жашаган башка улуттар менен мамилелешүүдө байланышта ар бир атуулдун жеке кептик-коммуникативдик мамилелеринин негизги каражаты катары англис тилин колдонууга аргасыз болсо, илим-билимдин жетишкендиктеринен кабардар болуп алган адистиги боюнча билимин өркүндөтүүнүн зарылдыгы жаштар арасында билингивизмди кептик-коммуникативдик компетенциянын негизи катары кабылдоо менен окуу материалдарын ушул жагдайда түзүү зарылдыгын ачыктады. Ошондой эле кыргыз элинин эгемендүүлүккө ээ болушу буга чейин кездеше бербеген кырдаалды

түзүп, ааламдашуунун жаңы багыттарын пайда кылды.

Азыркы шартта кесиптик кызматташуу дээрлик англис тилинде жүргүзүлгөндүктөн, аны өз деңгээлинде сапаттуу аткаруу кызыкчылыгы Кыргызстандык жаштардын арасында бул тилге карата олуттуу керектөөнү бардык кесипте англис тилин кептик-коммуникативдик байланыштарды түзүү деңгээлинде билишин объективдүү коомдук-социалдык зарылдык катары көтөрдү. Экинчи жагынан рыноктук мамиленин бардык тармактарда күч алышы – соода-сатык жумуштарынын эл аралык деңгээлге чыгышы, келишимдерди түзүү жумуштарынын күнүмдүк тиричиликке келиши, иш издеп кыргыз жаштарынын чет өлкөлөргө барышы, акча каражатка болгон муктаждык аркылуу сапаттуу билимге умтулуу, инновациялык иш жүргүзүү багыттарын кыргыз жергесине алып келүү кызыкчылыгынын жаралышы сыяктуу социалдык маселелер Кыргызстандагы кесиптик билим берүүнү ааламдашуу процесси менен айкалыштырууга аргасыз кылды. Өлкөнүн ички жумуштары катары көрүнгөнү менен улуттук кесиптик билим берүүнү ааламдашуунун чегинде кароо кыргыз жаштарына чет тилдердин арасында активдүү колдонулган бир тилин сөзсүз үйрөтүү керектигин күн тартибине койсо, бул жалпыга жеткиликтүү жана бардык улуттар дүйнөлүк экономиканын бизнес чөйрөсүндө кеңири колдонгон англис тилинин артыкчылыгы байкалды. Ал рынок мамилесин кучагына алган соода-сатык иштеринин мамлекет аралык кызматташуусун гана камсыздоочу байланыш тили катары көрүнбөстөн, маалыматтык доордун ири технологиялык жетишкендигин бардык өлкөлөргө жайылышына тикелей таасирин тийгизген шартта керектелүүчү байланыштын каражатына болгон зарылдыкты чечүү жолдору да экенин ачыктады. Анткени жаңы технологиялардын бардык мамлекеттер боюнча бирдиктүү рынокко коюлушу – анын авторлору үчүн түшүнүктүү тилдин болушуна карата муктаждыкты түзүшү – бизнеске тиешелүү жумуштарды жөнгө салуусу баарыга бирдей жеткиликтүү коммуникативдик кызматташуунун укуктук нормасын жүзөгө ашыруучу тилдин керектигин көрсөттү.

Ар бир жарандын жеке мүмкүнчүлүгүн жалпы адамзаттык баалуулуктардан аныктоого карай түзүлгөн социалдык муктаждык универсалдуу касиетке ээ болгону менен аны ишке ашыруу конкреттүү кесиптин чегинде чечилиши мүмкүн экенин айкындаган жагдай керектүү чет тилин үйрөнүү зарылдыгын ааламдашуу процессинин алдына койду. К.Омэнин пикири боюнча ал дүйнөлүк экономиканы кыймылга келтирип турган глобалдуу фирмалардын аракетине көз каранды болуп, АКШ, Англия, Германия, Япония жана Кытай сыяктуу мамлекеттер жетишкен илимий-практикалык ачылыштарды үйрөнүүгө карата кызыкчылыктарды кандай пайда кылган болсо [1], башка өлкөлөрдүн кесиптик билим жана тарбия берүү тармактарына аталган мамлекеттердин тилин жакшылап өздөштүрүү зарылдыгын күн тартибине киргизди. Эл аралык кызматташуу рынок мамилеси аркылуу бардык өлкөлөрдүн ортосундагы соода-сатыкты жөнгө салуу менен чектелбестен, коомдук түзүлүштүн жаңы формасы катары көрүнгөн өндүрүштү илимий жактан жаңылоонун зарылдыгынан пайда болгон инновациялык технологияны колдонуу бир өлкөдө табылган инженердик-техникалык курал-каражаттарды башка мамлекеттердин завод-фабрикаларына киргизүүдө керектүү терминдерди таанып-билүү жана ал ишти жакындан үйрөнүү үчүн анын лексикалык базасын түзүү кесиптик билим берүүнүн жумушу экенин ачыктады. Өзгөчө жакшы жана жетиштүү жашоого карай умтулуу жарандык коомдо ички жана тышкы конкуренцияга туруштук берүүчү кесиптик даярдыкка ээ болушу маанилүү маселе экенин инсандык кызыкчылыкка айландыргандыктан, бир өлкөнүн жараны алган кесиби боюнча экинчи мамлекетте жумушка орношуп, билимине ылайык эмгектенүүгө жана аткарган ишинин сапатына жараша маяна алууга болгон укугун камсыздоо бир же бир нече чет тилин билүүгө карата муктаждыкты түздү. Ал ааламдашуунун бир элементи катары жер планетасындагы бүтүндөй кесиптик ишмердүүлүктү кучагына

алып, эли өтө жыш жана бири-бирине жакын жашаган өлкөлөрдүн коомдук-социалдык керектөөгө айланган болсо, чегарадан кыйналбай өтүп, бөлөк улуттагы инсандар менен өз ара түшүнүшүп, бирге сапаттуу жумуш бүтүрүүгө жетишүү талабын камсыздоо үчүн коммуникативдик байланышка тиешелүү кептин даяр түрүндөгү иштелмесин ар бир адистик боюнча түзүү концепциясы бардык тармактарда колдонулуучу тилдин зарылдыгы баарына түшүнүктүү бир тилди алуу керектигин көрсөттү.

Мындай көрүнүш илим-билимдин ири жетишкендиктерине дайыма умтулган жана аны жер жүзүнө жайылтуу формасына ээ болгон эл аралык байланыштын тили катары англис тилине артыкчылык берди. Күндөлүк турмуш интернеттик байланыштарга улам көз каранды боло баштаган сайын социалдык желелерде түзүлгөн түрдүү карым-катыштар эл аралык мамиле түзүүнүн жаңы формаларын жаратса, анын коммуникативдик өзөгүн да негизинен англис тили ээледи. 1990-жылдан тарта Кыргызстан өз тагдырын өзү чече турган эгемен мамлекетке айланышы жер жүзүндөгү бардык өлкөлөр саясий-социалдык кызматташууга кеңири жол ачты. Мурда улут аралык пикирлешүүнүн расмий тили катары орус тилин колдонгон Кыргызстанга милдеттүү түрдө бир нече эл аралык тилде дипломатиялык кызматтарды жүргүзүү зарыл экенин көрсөттү. Бул дүйнө элдерине кеңири жайылган жана маалымат алмашуунун бирден-бир булагы катары орун алган англис тилине Кыргызстан артыкчылык берүүсүн билим берүү тармактары биринчилерден болуп түшүндү. Ал биринчи кезекте жаңыдан демократиялык жашоо образын кабыл алып жаткан Кыргызстан социалдык-экономикалык жактан эң күчтүү мамлекеттер жеткен саясий-турмуштук ийгиликтерди өз жашоосунда колдонууга багытталган кадимки эле пендечиликтин кызыкчылыктарынан түзүлдү. Жакшы жашоого бет алган жарандардын бакубат тиричиликке багытталган максаты чегарадагы катуу көзөмөл жоюлгандан кийин экономикасы өнүккөн өлкөлөргө барып иштөөгө Кыргызстандыктар үчүн да жол ачты. Ааламдашууга терең баткан коомдук-социалдык шартта жарандардын мындай аракети коммуникативдик байланыштын тили катары ыйгарым укукка ээ тилдердин ичинен англис тилинин артыкчылыгын жакындан билген сайын кайсы улутта же кайсы мамлекетте болбосун илимий-техникалык ачылыштарды, инновациялык жаңылануулары, тигил же бул тармакта болгон түрдүү технологияларды атоо жумуштарын ушул тилде жүргүзүп, ал аркылуу башка элдерге жайылтууга киришсе, мындай шыбагадан сыртта калгысы келбеген Кыргызстан да өзүнүн өнүгүү багытын ушул тарапка бурду.

Ааламдашуу XX кылымдын 90-жылдарынан тарта англис тилин Кыргызстандагы бардык билим берүү тармактарына милдеттүү окула турган сабактардын тизмесине киришин зарылдык катары көрсөтүп, ошол эле мезгилде мурда бул сабакта орун алып келген окуу материалдарынын табиятын мазмундук жактан жаңылоо керектигин ачыктады. Тактап айтканда, Кыргызстандын билим берүү тармактарында совет доорунда эле үч эл аралык тил боюнча сабактар башталгыч класстардан тартып, жогорку билим берүү мекемелеринде окутулганы белгилүү болсо да, республиканын көз карандысыздыгынан кийин бул бир кыйла тереңдеди. Азыркы учурдан алып караганда бир нече багытта болушу керектиги аныкталса, алар англис тилин коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызыкчылыктарды толук камсыздоо талабына жараша окутууну койду. Ал өлкөдөгү кесиптик билим берүүнүн миссиясына ылайык иштерди аткарууга – адамзаттын саясий-социалдык, маданий-экономикалык байланыштарды илимий-практикалык жактан туура жүргүзүп, дүйнөнүн ар кандай жеринде пайда болгон ачылыштарды өндүрүшкө киргизүү, ири табылгалардын мазмунун өздөштүрүп, бакубат жашоонун үлгүсүн түзүүгө өзөк болуучу кесиптик билимди үйрөтүү ар бир адистик боюнча ошол тилдин прикладдык табиятын аныктоо менен өз ара алакалардын системасын окуу процессине кирүүнү Кыргызстанга милдеттендирди. Демократиялык коомдо ар бир жаран субъекти экени

аныкталып, кесиптик билим берүү анын коомдук-социалдык кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн иштөөсү керектиги мамлекеттик деңгээлде мыйзамдаштырылган шартта чет өлкөлөрдүн бирине чыгып өз алдынча эмгектенгенине кам көрүү англис тилин социалдык карым-катнаштардын, кызматташууда мамилелердин бирдиктүү тили катары билүүсүнө жетүү миссиясы жеке атуулдук муктаждыктан мамлекеттик стандарттардын улуттук билим берүүнүн бир бутагына айландырды. Тилди үйрөнүү процесси оңой эмес, адам баласы чет тилин билүү компетенттүүлүккө көп иш аракеттердин натыйжасында жетет жана бул кубулуштун негизинде бир канча компетенциялар калыптанат, ошонун ичинде болочок мугалимдин бир нече кесиптик компетенцияларынын өнүгүшү да ишке ашат [5].

Башта өлкөдө мындай кызматты орус тили аткарып келген болсо, Кыргызстандык жарандардын бул тилдин таасири болбогон өлкөлөр менен кызматтык байланыштарды түзүүсү кесипке тиешелүү терминдер жана түшүнүктөрдү керектөө маалында кыйынчылыкка кептелиши билимин же идеяларын рынок шартында туура колдонуусу үчүн англис тилин окутууга болгон жагдайга башкача мамиле кылууну ачыктаса, ал өлкөнүн жогорку окуу жайларында төмөнкүдөй жумуштардын аткарылышы менен ааламдашуу процессине багыт алган бир катар зарыл маселелер чечиле баштаганын республиканын жогорку окуу жайларында жүргүзүлгөн иштерге байкоо жүргүзүү, анализ берүү жана аларды жалпылаштыруу учурунда көрдүк, алар: 1) Иштин жүрүшүндө ааламдашуу Кыргызстандын кесиптик билим берүүсүн рынок мамилелер аныктаган концепцияга ыңгайлаштыруу маселесин козгосо, аны туура түшүнгөн мамлекеттик саясат инсандын адистешүүсүнө сапаттуу билимди тартуулоо үчүн алгач жогорку билим берүүнү өнүккөн өлкөлөрдөгү окуу стандарттары менен интеграциялоого аракеттенип, ал эми 2012-жылдан тарта “Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартын” [2] кабыл алууга жетишти. Андай чечимдин болушу коомдук-саясий талаптардан келип чыкканы белгилүү; 2) Ар бир жаранды субъекти катары таануу, өзгөчө алардын жеке керектөөсүнө ылайыкташуу менен кесиптик билим берүүнүн өзөгүн иштеп чыгуу аракети Кыргызстандагы абалын эл аралык байланышта аныкталуучу конкуренцияга туруштук бере ала турган көндүмдөрдү үйрөтүүгө негизделген парадигманы кабыл алуунун зарылдыгын айкындаса [3], бул багытта маанилүү мыйзамдарды түзүп, мамлекеттер аралык байланышта жарактуу кесиптик дипломдорду берүүгө жетишкен Болонья келишими иштеп чыккан стандарттык мыйзамдуулукту жетекчиликке алуу менен жогоруда аталган Мамлекеттик стандарт окуу процессине кирди; 3) Мамлекеттик стандарттын негизинде кесипке болгон даярдыктын сапатын аныктоочу “компетенция” термин пайда болуп, ал мурда ич ара бөлүнбөй келген билим менен маалыматтын ортосуна жик салуу аркылуу бул түшүнүктүн маани-маңызы эмнени билдирээрин ачыкка чыгарды.

Себеби маалыматтык технология жер шарынын бардык булуң-бурчун толугу менен кучагына алып, социалдык желелерде аң-сезимди адаштырган көп түрлүү ой-пикирлерди бере баштаган маалдан тартып, кайсы көз караш ишенимдүү экенин сезүү жумуштары кыйындап, ал окуу процессинде конкреттүү идеяны туура же туура эместигин аныктоого кыйынчылык түзгөнү кесипкөй адамга берилүүчү билимдин мазмунун түп-тамырын “компетенция” деген түшүнүк аркылуу аныктоого алып келди. Ал ааламдашуу шартында кайда эмне керектелиши мүмкүн экендигин [4] билип, көйгөйдү туура жана сапаттуу чечүү үчүн аны кантип окутса ийгиликке жетээрин үйрөтүүнүн маани-маңызы компетенцияга жайгаштырылып, ал актуалдуу касиетке ээ мазмун конкреттүү жагдайда аныкталып, анын өзөгү өзгөчө аны колдонууга тийиш болгон абалдан каралып, андан соң маселени чечүүгө кудурети бар көндүмдөргө үйрөтүү жумуштары билим катары таанылган процесс кесиптик билим берүүдө маданий-социалдык жана инсандык-этникалык категориялар менен өлчөнүп, жарандын идентүүлүгүнөн тышкары коомдогу ордун кам-

сыздоо үчүн англис тилин билүүгө мажбурлады. Анткени ааламдашуу атуулдук аракеттерде жергиликтүү кызыкчылыктардан тышкары турган түрдүү процесстерди жана факторлорду өз кучагына алгандыктан, эл аралык кызматташууда мамлекеттердин, социалдык топтордун, ири маданияттардын түздөн-түз баарлашуусу, б. а. англис тилине тиешелүү керектөөнү түзүп, мындай зарылдык акырындык менен өз ара жуурулушуп бараткан кесипкөйлүктүн мазмунун аныктоочу кептик-коммуникативдик компетенциялардын мазмуна айланды. Аны азыркы жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты инструменталдык компетенция катары кабылдап, бардык кесиптер үчүн милдеттүү үйрөнүүгө окуу пландарынын базалык бөлүгүнө киргизип, эгер аны өздөштүрбөсө мамлекеттер аралык иштерди аткарууга жөндөмсүз экенин ачык эле туюндургандыктан, сапаттуу билимдин ээси болуп, конкуренцияга туруштук берүүчү мекеме же ишканада өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү көздөгөн адистердин бардыгы жогорку билимдин ээси экенин тастыктаган диплом менен бирге англис тилин сүйлөө жана сүйлөшүү деңгээлинде билүүсү Кыргызстандагы азыркы учурдун ааламдашуу процессине ыңгайлашуусунда күн тартибиндеги зарыл маселелерден экендиги белгилүү болду.

**Жыйынтык**. Өлкөдөгү жогорку кесиптик билим берүүдө англис тилин окутууда ааламдашуусу процессине ориентир кылуу зарыл маселелердин бири аныкталып, андай абалды талдоо башка өлкөлөр менен салыштыруу жана реалдуу шарттардагы көрүнүштөрүн жалпылаштыруу төмөнкүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берди: жогорку кесиптик билим берүү стандарттарында ааламдашуу процесси жеткиликтүү эске алынып, анын натыйжасында тилдик, кептикоммуникативдик компетенцияларды адистерге калыптандырууда анын зарылдыгы туура белгиленген;

болочок кесип ээлерин даярдоо үчүн окуу программаларын окуу комплекстерин түзүүдө, окуу материалдарын тандоодо ааламдашуу процессине англис тили аркылуу ишке ашыруу жолдору жеткиликтүү такталган эмес, буга мисал республика боюнча бир дагы жогорку кесиптик билим берүү боюнча англис тили окуу китебинин түзүлө электигин мисал келтирсек болот.

**Адабияттар:**


1. Кузнецов В. Что такое глобализация? [Текст]: / В. Кузнецов.// Мировая экономика и международное отношения. - 1998. - №2. - 9-12- беттер.
2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты. – Б.: 2012. – 23 б.
3. Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы: Монография. [Текст]: Б.М.Акматов. – Б.: “Фаст принт”, 2016. – 456 б.
4. Делор Ж. Образование: сокрытое сокровище. [Текст]: Ж. Делор / UNESCO, 1996. – 416 б.
5. Жолдошбаева Ы.К., Болочок мугалимдерди даярдоонун айрым маселелери [Текст]/ Жолдошбаева Ы.К.,// Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Бишкек, 2020.-№3(52).-162-б.


***Рецензиялаган:***
***Асипова Н.А.***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***